# Доклад

**Тема: Тобокел тобундагы балдар жана алар менен иштөөнүн жолдору**

**Тобокел деген сөз-** мейли эмне болсо да көрөлү , кайдан чыкса , андан чыксын деген мааниде колдонула т же мага баари бир дегенди түшүндүрөт.

Ар бир мугалим өз практикасында эң оор милдет ошондкуктан бул маселени толук өз мойнуна албастан психолог , соцпедогог, тарбия завуч , мектеп инспектору жана ата-эне менен биргелешип аракеттенүү максатка ылайык.

Мугалимдерди мындай балдардын жүрүм-туруму көп убара кылат.

Акыркы жылдарда окуучулардын укук бузуу аракети , аракечтик, ууруулук, рекэтчилик, мектептин мүлкүн сындыруу ж.б кылмыш иштери өсүп жатат.

Тобокел тобундагы башкача айтканда тарбияланышы оор балдардын жүрүм-турумун **девианттуу жүрүм-турум** деп аташат.

Девианттуу жүрүм-турумдун невативдүү формасы өзүн демонстрациялаган, социалдык- адептик нормаларды бузган формасы. Ал эми укуктук нормадан четтеген, жүрүм-турумдун негативдүү формасына жеткен , бирок кылмыштуу(криминалдык) иш боюнча кодекстин негизинде жазалоо деңгээлине жете элек формасын **деликвентүү жүрүм-турум** деп атайбыз.

Мындан да чектен ашкан формасын **аддиктивдүү жүрүм-турум** деп атайбыз.

Аларга таксикомания, норкомания, кумар оюндары, башын тысырайта кырган рокерлер, металисттер, хиппи кыймылын туурагандар (аристократтарды тууроо) кирет.

Биз бүгүн психологиялык тил менен айтканда, девианттуу , жалпак тил менен тобокел тобундагы балдар жөнүндө сөз козгойбуз.

**Девианттуулук-** (адептик, моралдык , этикалык нормадан четтөө) –ички жана тышкы ,көрүнгөн жана жашыруун кемчиликтердин натыйжасы.

**Ички кемчиликке-** окуу тарбия процессинин өркүндөбөгөндүгү , мезгилдин талабына тарбиянын жооп бербей калгандыгы, ата-энелердин балдарды кароосуз калтыргандыгы ж.б кирет.

Сканировано с CamScanner